**ТОКУШЕВА Т.С.**
**nbknu@mail.ru**

# Ч.АЙТМАТОВДУН “ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА ДӨБӨТ” ПОВЕСТИНДЕГИ ЛИРИЗМДИН КӨРКӨМ ТАБИЯТЫ

Ал эми Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повести өзүнүн мазмуну, көркөмдүк түзүлүшү боюнча жазуучунун чыгармаларынын арасынан обочолонуп тургансыйт. Кандайдыр бир тааныш эмес эл, тааныш эмес турмуш. тааныш эмес Айым Балык жөнүндө миф. Адамдардын аттары да башкача: Орган карыя, Мылгун байке, Эмрайин ата, Кириск бала. Ошондой эле чыгармада көнүмүш окуя, көнүмүш сюжет да жок. Кандайдыр бир улуу Деңиз, улуу Туман, ошол деңизде, туманда калган адамдар. (1) Бирок тереңирээк ойлонуп талдай келгенде, жазуучунун бул повести деле мурдагы повесттеринин көркөм-эстетикалык концепциясын, реалдуу турмуш чындыгын философиялык жактан кабылдоо багытын улантып турганы ачык байкалат. Анткени, Ч.Айтматов жазуучу катары адабий чыгармачылыкта өзү «тандап алган» жолунда реалдуу турмушту дайыма эл арасында айтылган жомок-уламыштар, мифтер, көркөм ойлоонун өзгөчө формасында турган мифологиялык түшүнүктөр менен жуурулуштуруп, анан чыгармада берилүүчү көркөм табылгаларды андагы идеялар менен түйүндөштүрүп, адамдардын тиричилигин, кайгы-кубанычын коомдук-социалдык көрүнүштөрдөн алып чыгууга жетишкен болсо, анын баары «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повестинен даана эле көрүнүп турат.

Албетте, бул повестте айырмачылыктар жок эмес, ал чыгармага жазуучу тарабынан коюлган өзгөчө «мамиледен» көрүнүп турат. Тактап айтканда, «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» повестинин көркөм философиясы адам менен жаратылыштын өтмө катар байланышуусу аркылуу адам жашоосунун жыргалы менен кууралын, адам акылынын бийиктигин, адам тукумун сактап калууга жана улап кетүүгө карата болгон күрөшүн, деги эле бу жарыкчылыкта адам үчүн деле жашоонун оңойго турбастыгын көрсөтүп берүү максатын көздөйт. Өзүнөн-өзү баамдалып-байкалып тургандай повестте реалдуу турмуштук кырдаалдар кандай курч коюлган болсо, каармандардын жан дүйнөсү да, ага кызмат кылган лиризм да ошончолук курч кырдаалдарда өз «жүзүн» көрсөтө алган. Жазуучу нивхи сыяктуу «башка элдин» турмушунун негизинде кайсы жерде болбосун адам «азапка төрөлгөнүн» бирок кандай шартта болбосун ал аң сезимдин бийиктиги, өзүнөн кийинки тукумдарынын жашоосун улап кетүүгө болгон максат-тилектери менен жашай тургандыгын «далилдөө» максатын көздөп, жаратылыштын стихиялуу кубулуштары жараткан күтүүсүз кырдаалдарда өзүн кандай алып жүрүүгө мүмкүн экендигин татаал тагдырга байланыштырып, андагы адамдардын жашоо үчүн болгон күрөшүн сүрөттөө менен, биринчи планга табият менен адамдын ажырагыс байланышын алып чыгып, анан барып адамдын акыл-эсинин артыкчылыгын, аң сезиминин тазалыгын, оор мүшкүлдө кандайлыгын, жалпылап айтканда адамдын улуулугун кылдат баяндап берет. Чыгарманын идеялык мазмуну өтө философиялуу болгондой эле, каармандардын тышкы жана ички «жашоосу» да философиялуу касиетке ээ болуп турат. Ал философиялуулук «каармандардын жашоого умтулуу аракеттери, бир келген өмүрдүн–жарыкчылыктын улуулугу-таттуулугу, кийинки муундардын алдында улуулардын парстыгы курч драмалык сюжет, философиялык ой толгоолор аркылуу ачылат. Орган, Эмрайн, Мылгун болочок аңчы Кирискиге ак баталарын бериш үчүн аң уулоого деңизге чыгышмак. Кириск али оозунан эне сүтү кете элек, балтыр эти ката элек» бала болсо да, чоңдор ага ата-бабадан мураска калган аңчылык салтты үйрөтүп коюу парзын аткарышмак болушат. Төрт адам түшкөн жалгыз кайык жээктен (Ала-Дөбөттөн) узап, деңизге калкыйт. Ар бир каарман алдындагы чоң максаттын оңунан чыгышын ичтеринен

тилешет» (2) Айтканга оңой көрүнгөнү менен өлүмгө тике баруу каармандардын ички дүйнөсүн не бир мүшкүлгө салып, алардын ар биринин сезим-туюмдарын не деген укмуш ой толгоолорго кабылбай койбойт болчу. Повестте мындай ички толгонуулардын баары терең берилген лиризм аркылуу ишке ашат, б. а. лиризмди каармандардын ички сезимдерин, кубаныч-кайгыларын, өз алдынча түйшүк тарткан не бир мүшкүлдүү ой-санааларын баяндаган эпизоддордон көрүүгө болот. Башкаларга салыштырмалуу Кирискинин жан дүйнөсү үчүн лиризм көбүрөөк «кызмат кылат». Анын өзүнүн мекендештери, жердештери үчүн ак жолтой кызмат кылууга арналган тилектери, ага арналып уюштурулган майрамдагы каалоолор, Айым-Балыкка «жагынган» ырларындагы ой-максаттары, аруу дүйнөсүн ачып, Кирискинин деңизге чыккан биринчи кадамынын байсалдуу болушуна карата энеси менен карындашынын бийлеп бериши, тумар жылдыздын энчиленишинин күткөн күндөрдөгү ойлор, чыдамсыздык менен ашыга күткөн жоопкерчилик толугу менен лиризмдин коштоосунда берилет.

Бул жарыкчылыктын ак-карасына жаңыдан баам сала баштаган баланын жан дүйнөсүндө «жашаган» лиризм, романтикалуу дүйнө катаал турмуштук реалдуулукка каршы коюлат. Таттуу кыялдар менен жашап жүргөн Кириск биринчи жолу деңизге чыгат. Бирок, ал эңсеп, кыялданып жүргөн аңчынын турмушу ал ойлогондой эмес экен, «баланын көңүлү өзүнөн-өзү бузулду, сыртынан билинбесе да ичтен сызды. Жерден улам узаган сайын, айрыкча түнөрө дүңкүйгөн суу жонунун далдасында Ала-Дөбөт көрүнбөй калгандан тартып, тилсиз түнөргөн суунун суук коркунучу акырындап дене-боюн ээлей берди. Бу бейтааныш, тилсиз улуу дүйнөнүн алдында ал кыпындай кичинекей экенин, эч аргасыз көз каранды экенин сезип калтаарыды.

Бала мурда мындай коопту сезген эмес эле. Бейкапар боорунда ойноп, кээде чокусуна чыгып алып, алдында көлбүп жаткан коркунучсуз деңизге суктана карап турчу Ала-Дөбөтү мынчалык жанына жакын, ынак экенин билген эмес. Өз доорунда Ала-Дөбөт канчалык алп да, боорукер да экенин, бузулбас, козголбос экенин Кириск эми түшүндү.

Жер менен деңиздин айырмасын бала эми билди. Жерде жүрүп жердин баркын ойлобойсуң, билбейсиң. Мына эми деңизде баратып эмнени ойлобо, баары бир көкөйүндө деңиз турат. Бу жаңылык баланы чоочулатты. Деңиз өзүнө дене-боюңду, бүт оюңду багынтып алганында кандайдыр бир түпөйүл өкүмчүл сыр жаткансыды…» (3)

Кирискинин сырткы чөйрөгө баам салып, байкоо жүргүзүп жаткандай көрүнгөн бул үзүндүдө ички дүйнөсүндө болуп жаткан кооптуулук, наристелик байкагычтык, сезимталдык, алдын ала келе жаткан коркунучту сезе билген баамчылдык, ж. б. лиризмди аракетке келтирип турган сапаттар даана байкалат. Нивхи элинин турмушуна таянып жүргөн бул чыгармада адамдардын жашоого карата болгон күрөшү башкы планга чыгат, б. а. деңиз аңчыларынын турмуш-тиричилиги менен атадан балага мурасталган өнөр, аны өздөштүрүүдөгү оор кыйынчылыктар, жашоо сырларын үйрөтүү Орган карыя, Мылгун, Кирискинин атасы Эмрайиндин «энчисине» туш келет да, алар «кара көз Кирискини» бала күнүнөн аңчылыкка машыктыруу үчүн деңизге алып чыгышат. Автордун концепциясы – бул жашоо үчүн күрөш, анда өлүм да, өмүр да бар. Автор бул идеясын окурмандын алдына «жылаңач» бойдон көрсөтүп бербейт, тескерисинче ал реалдуу тириликтин кайнаган жеринде – деңизди күтүүсүз туман каптаган маалда; кайыкчылар бара турган багытынан адашкан учурда; ар бир мүнөт сайын иче турган суунун запасы бөксөрүп, кайыктагылар эмне кылаар айласын таппай жаткан кырдаалдарда – аңчылардын жан дүйнөсүндөгү абалды, бири-экинчисине кам көргөн адамкерчиликти, бири-бирин сыйлоосун, деңиз үстүндөгү өлүм менен өмүрдүн күрөшүндө баяндайт. Нивхилик аңчылар дайыма деңиз үстүндө жүргөндүктөн, аларга ар бир кооптуу учур көнүмүш болуп калган да, өлүм менен тике туруп кармашуу адамдык жашоонун маңызы катары чагылат.

Лиризм адамдардын ичээр суусунун түгөнүп бара жаткан мезгилинде өзгөчө кызмат кылат, б. а. ичээр суу түгөнүп, аны менен жашоосу түгөнүп бара жатканын сезген аңчылар өзүнө тиешелүү жашоо ырыскысын Кирискиге калтырып, өлүмгө тике бет алышат. Жазуучу чеберчиликте сүрөттөгөндөй көп жашап, далайга көзү каныккан Орган карыя

өзүнө таандык «ичээр сууну» өзүнөн кийинкилерге калтырып, эч кимге сыр билгизбей, кадим тойго бараткандай, башка түшкөн күндү эстүүлүк, чыдамкайлык менен кабыл алып, деңизге бой таштайт. Анын жан дүйнөсүнө таандык токтоолук, өзүнөн кийинкилерди ойлогон эстүүлүк, өлүмдү тике карган эрктүүлүк, ж. б. сапаттарды, анын артында не бир лирикалык толгонуулар бар экенин, Орган карыянын «салкын кандуулугунда» не түркүн ой-санаа, арман-кайгы жатканын лиризмге таянуу менен ачып көрсөтүүдө Мылгундун өлүм менен «кармашуудагы» аракетин коёт.

«Боз буурул туман баягысындай эле үстүдөн чүмкөп басып турат. Кайыктагылар ар кимиси ар жерде алсырап сулап жатышат. Эмне болору, кандай болору белгисиз, мурдагыдай эле дайынсыздык. Кокусунан кайык катуу чайпалып кетти. Чочуган атасынын үнү чыкты:

– Мылгун! Мылгун! Кантесиң! Койсоңчу!

Кириск башын көтөрүп, көргөн көзүнө таң калды. Мылгун кайыктын кырынан арта салынып, деңиздин суусунан сузуп ичип жатыптыр.

– Койсоңчу! - деп Эмрайин жетип барып, колунан ожоону тартып алмакчы болду эле, Мылгун жаалы чыга үрпөйдү:

– Жолобо, батек сакал! Өлтүрөм!

Бу ачуу туздуу деңиз суусу оозго алгыс эле. Мылгун болсо көкүрөгүнө, жеңине жаба төгүлтүп, өзүн-өзү зордоп, калтыраган колундагы ожоону коңторо ичип жатты. Ошондогу кебетеси жарадар жырткычтан бетер болуп турду.

Анан ожоону кайыктын түбүнө ыргытты да, кышылдап деми кысылып чалкасынан сулады. Ошентип жата берди, ага жардам берер арга эч кимде жок эле. Кириск коркконунан ого бетер бүрүшүп, ого бетер ичи ооруп, ого бетер суусады. Шылкыя түшкөн Эмрайин кайрадан калак алды да, кайыкты туман сүңгүтө жылжытып жөнөдү. Башка аргасы жок эле анын:

Мылгун бирде тынчып калып, бирде дирт-дирт калчылдайт. Кыркыроо кирип, суусагандан жаны чыгып бараткансыды. Анткен менен аздан соң башын көтөрдү.

– Ичим өрттөнүп барат! - деп көкүрөк тыткылап, кийимин айрып баштады.

– Айтчы эмне кылайын? Канткенде жардам бере алам? Тигинде дагы кичине суу бар, - деп кол бочкени жаңсады, - бир аз куюп берейинби?

– Жок, - деп болбоду Мылгун. – Эми кереги жок. Түнгө жетип, анан аткычтай болоюн десем, жете алар эмесмин. Мейли. Болбосо бир шойкоң кылгыдаймын. Сууну бүт ичип алгыдаймын. Эми мен бүттүм … Мен өзүм, күчүм жетет …» (4)

Учу-кыйрысыз ээн деңиз үстүндө адам менен ажалдын кармашы, аргасыз келген өлүмгө Мылгундун тик багып, адамкерчилик менен ар-намыстуу туруп беришин жазуучу чебер жана кылдат сүрөттөйт. Мылгундун эрксиздиги, бирок ар-намыстуулугу анын дүйнө таанымындагы башкаларга окшошпогон касиеттерин ачып көрсөтүү менен чектелбестен, каармандын өзүнө гана таандык ички дүйнөсүн айкындап, ойлоонун, реалдуу турмуш чындыгына карата индивидуалдуу мамиле кылуусун, ал аркылуу жазуучунун лирикалык дүйнө түзүү чеберчилигин да ачыкка чыгарып отурат. Мында лиризм жаратылыштын каардуу стихиясына туш келип, өлүм менен тикелей кармашып жаткан адамдын ички уйгу-туйгуларын гана чагылдырбастан, анын өзүнөн кийинки муунга каалаган адам тилегин, камкордугун, гумандуу мамилесине, мына ушундай аракеттердин арасында турган, адам баласы сыймык менен караган баалуу сапаттарды кыймылга келтирип турганын далилдөөсүз эле белгилүү болууда.

Күнүмдүк жашообузда сезбей, бул тирүүлүктүн улуулугун баалабай, өмүр деген күн санап өтүп жаткан мезгилдин бир курактык үзүмү катары кабылдап, анын мазмуну менен аткарылып жаткан иштерге көңүл бурбай келе жаткан болсок, жазуучу мына ошол түшүнүктөрдү ийине жеткире сүрөттөп, повестти окуган ар бир окурман түшүнүп баалагыдай кылып, көркөм бийиктикке жеткирип таштады. Сюжеттик-композициялык элементтердин ар бири өзүнө таандык олчойгон жүктү көтөргөн болсо, алардын арасында лиризм кыйла маанилүү кызмат аткарганы ачык байкалат. Башкы каармандарды

сүрөттөөдө лиризм белгилүү бир бийиктикке чыккан болсо, ата менен баланын ортосундагы «коштошууну» берүү ошончолук жогорку деңгээлде кызмат аткара тургандыгын көрсөттү.

Көздү талыткан деңиз мейкиндиги, ааламдан бөлүп кармап турган туман, кайыкта өлүм менен жаналетке түшүп күрөшүп жаткан ата менен бала. Мындай шартта атанын акыл-эси, өзгөчө ички туюму, акыл калчап, ой жүгүртүүсү башкы орунда турaарын жазуучу чебер сүрөттөгөн. Эмрайин кайыкта ойлонуп кыймылсыз отурганы менен бу жашоонун жакшысы менен жаманы жаңыдан таанып келе жаткан баласын, өздөрү жол таап чыгып кете албаган жаратылыш стихиясына калтырып, өз боюн суугa таштоо канчалык оор экенин анын жан дүйнөсүнө «аралашып» отурган окурман деле түшүнөт. Бирок Ч.Айтматов окурман өз алдынча сезип түшүнө турган сезимдик туйгуларга «ыраазы болбой», ал жердеги кырдаaалды Эмрайиндин иш-аракетинде, өзгөчө ички туюму аркылуу жүзөгө аша турган ой-кыялдары менен кыймылга келтирип жатты. Ал жердеги ар бир секунд жазуучу тарабынан көз жаздымда калтырылбады.

Тирүүлүк менен коштошуу Эмрайинге кыйынга турду. «Жалгыз кетүү» керекпи, же уулун «ала кетеби»? Бул Эмрайинге эле эмес, анын жан дүйнөсү, деңиздеги ал-абалы менен кошо термелип, кошо күүгө келип турган окурманга деле оңойго турбайт. Ал бир түндө көпкө ойлонду. Бирде тагдырдын оор абалында турган мезгилде, табияттын каардуу кармашында уулун өзү менен «ала кетүүнү» ойлосо, бирде уулун табияттын ырайымсыз чеңгээлине калтырып «жалгыз кетүүнү» кыялданды. Кайсы тарабынан албайлы, адам үчүн эң оор минуталар. Автор лиризмди мына ушул жерде чебер колдонгону даана көрүнөт, б. а. балким, баласынын эмес өзүнүн жээкке жетпей турганын ачык сезген Эмрайин Кирискини кыйнабай, ээн жерде жалгыз, ачка калтырбай өзү менен ала кетүүнү ойломоктур, бирок жазуучу адамдын улуулугун көрсөтүүнү, адамдын акыл-эсинин бийиктигин, адамдын өжөрлөнүп тукум улап келе жаткандыгын далилдөөнү максат кылып жаткандыктан, лиризм Эмрайиндин өз өмүрү менен коштошуусун мыйзамченемдүү көрүнүш катары кабылдоого шарт түзөт. «Эмрайин бир түндүн ичинде өзүнүн жашоосунун максаты «уулуна уланыш» экендигин секунддардын кайрылгыс узашы менен уламдан-улам, ачык-даана, курч сезе баштады. Ал өз өмүрүнүн кайт болуусу үчүн жаны ачыбады, мындан качып кутулууга арга жок экенин түшүндү. Анын жанын ачытып, айласын куруткан ой – «баласы да өлүп, ошону менен тукум курут болуп кетээри», аны менен жашоосунун маани-маңызы бүт тыптыйпыл болоору кыйнады. Жарыкчылык менен коштошуунун эң акыркы мөөнөтүндө уулуна көп нерселерди айткысы келсе да айталбай, «өз акылы жетээр» деген ою менен кетти Эмрайин» (5)

Жер үстүндө бир элдин тукумун улап калуу үчүн өз өмүрлөрүн кыйган нивхи элинин аңчыларынын ушунчалык бийик адамкерчилиги, баланын жүрөгүн оорутуп алуудан «корккон» боорукерлиги, өлүмдү тике карап күрөшө билген баатырдыгы, башка бирөөнүн өмүрү, жашоосу, келечеги үчүн кам көрө билген айкөлдүгү, адамдын эстүүлүгүн, нарктуулугун баалай билген көсөмдүгү сөз менен айтып жеткирүүгө мүмкүн эмес, окурман өз жүрөгү менен кабылдап туя турган сезимталдуулугуна жараша аңдаштырылуучу лиризмге жүктөлөт. Ошентип, жазуучунун бул повестинде лиризм жашоо үчүн өлүмгө каршы күрөштүн, андагы руханий бийикке ээ болууда адамзат мурастап келе жаткан сапаттардын артыкчылыктарын, руханий-эстетикалык баалуулуктардын ролун, кыйын шарттарда гана аныкталуучу адеп-ахлактык нарк-насилдүүлүктү даңазалайт да, анын натыйжасында тагдырдын оор сыноосунда мындай иш-аракетти адам гана жасай ала тургандыгын, ошонусу менен адам адамдыгын көрсөтө алаарын башкы планга алып чыгат. Жыйынтыктап айтканда, лиризм повестте көркөм нарк, көркөм бийиктикке ээ болуш үчүн ченемсиз «кызмат кылып бергенин» байкоого болот, б. а. «улуу Деңиз, улуу Туман ошол түпсүз, чексиз баш аягы жок стихиянын арасында калган нивх мергенчилеринин тагдыры жазуучуга азыркы доордун эң зарыл, эң курч проблемасын козгоо үчүн керек болуптур. Кандай кыямат шартта калбасын, кандай

гана айласыз кырдаалга туш келбесин адам баласы өзүнүн адамдык бийик наамын сактоого тийиш – ал ошон үчүн адам. Повесть ушу тууурасында»

**Адабияттар:**


1. Кыргыз совет адабият тарыхы. – Фрунзе: Илим, 1987. - 1-том. - 609-бет.
2. Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. – Бишкек: Бийиктик, 2008. - 318-бет.
3. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. - 3-том: Аңгемелер, повесттер, драма . – Бишкек.: Бийиктик, 2008. - 318-бет.
4. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. - 3-том.: Аңгемелер, повесттер, драма. – Бишкек: Бийиктик, 2008. -384-384-беттер.
5. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. 79-бет
6. Кыргыз совет адабият тарыхы. – Ф рунзе.: Илим, 1987. - 1-том. - 610-бет.